Кимде-ким муаахадты (6) өлтүргөн болсо, анда бейиштин жытын жыттабайт. Анын жыты кырк жылдык алыстан жыттанып турат

Абдулла бин Амр (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Кимде-ким муаахадты (6) өлтүргөн болсо, анда бейиштин жытын жыттабайт. Анын жыты кырк жылдык алыстан жыттанып турат".

[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) муаахадты өлтүргөн адамга катуу азап болоорун баяндап жатат. Муаахад: Ислам жергесине коопсуздук келишимин алып кирген каапыр адам. Кимде-ким аны өлтүрсө, бейиштин жытын жыттабайт. Бейиштин жыты кырк жылдык аралыктан келип турат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/64637